**Билим берүү кызматкерлеринин мыйзамдык укуктарын,социалдык-экономикалык кызыкчылыктарын коргоо жана мектептин материалдык техникалык базасын чыңдоо максатында**

**О. Алыбесов атындагы орто мектебинин баштапкы профсоюз уюмунун, мектеп администрациясынын жана Кереге-Таш айыл өкмөтүнүн ортосундагы 2021-2022-жылдар үчүн түзүлгөн үч тараптуу**

**Келишими**

## 1.Келишимдин жалпы жобосу

О. Алыбесов атындагы орто мектебинин баштапкы профсоюз уюму, мектеп администрациясы жана Кереге-Таш айыл өкмөтү Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 41-52 статьяларына, «Профсоюздар жөнүндө» , «Эмгекти коргоо», «Жергиликтуу өзүн-өзү башкаруу жана жергиликтуу билим берүү кызматкерлеринин мыйзамдык укуктарынын жана алардын социалдык өнөктөштүктү өнүктүрүү жана чыңдоо максатында 2021-2022-жылдаргаКелишим түзөт.

Кыргыз Республикасынын бардык территориясына тиешелуу болгон мыйзамдардын жана нормативдик документтердин негизинде түзүлгөн келишим билим берүү кызматкерлерминин минималдык социалдык гарантияларын аныктайт жана келишим аркылуу ушул гарантияларды кенейтүү укугун чектебейт.Келишим билим берүү тармагында эмгектенген кызматкерлердин баардык катмарын социалдык жактан коргоо максатында төмөнкү милдеттерди камтыйт:

- Кыргыз Республикасынын «Билим берүү» жана « Мугалимдердин статусу» жөнүндөгү мыйзамдарында, Кыргыз Өкмөтү тарабынан кошумча Мыйзамдык жоболордо ,токтомдордо көрсөтүлгөн билим беруу кызматкерлери үчүн жеңилдиктердин толук аткарылышына жетишүү;
- Мугалимдердин эмгегин коргоо жана окуучулардын ден-соолугун чыңдоо үчүн мектептердин абалына жараша шарттарды түзүү;
- Билим беруу кызматкерлеринин өз убагына ылайык акыларын алуусу;
- Билим беруу тармагындагы кадрларды сактап калуу үчүн турмуш шарты оор жана оорулуу ,көп балалуу мугалимдерге материалдык жардам берүү жана алардын эмгегине жараша ар 5 жылда аттестациядан өткөрүү;
- Алдынкы иштегендерге материалдык жана моралдык жактан колдоо көрсөтүү;
- Билим мекемелеринде эмгекти коргоо, техникалык коопсуздук жанан өрткө каршы эрежелерин сактоо менен бөөдө кырсыктардан сактануу боюнча болгон мүмкүнчүлүктөрдү пайдалануу жана билим берүү кызматкерлеринин ,окуучу-

өспүрүмдөрдүн ден-соолуктарын чыңдоо боюнча үзгүлтуксүз иш чараларды жүргүзүүгө жетишүү.

## 2. ________________ АТЫНДАГЫ ОРТО МЕКТЕБИНИН АДМИНИСТРАЦИЯСЫ МЕНЕН ______________ АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН МИЛДЕТТЕРИ ЖАНА ЖООПКЕРЧИЛИКТЕРИ:

__________________ атындагы орто мектебинин администрациясы менен __________________ айыл өкмөтү билим берүү кызматкерлеринин социалдык,эмгектик,укуктук кызыкчылыктарын коргоочу негизги укуктук өкүлчүлүк катары __________________ атындагы орто мектебинин баштапкы профсоюз уюмун тааныйт жана тыгыз байланышта, келишимдин негизинде ишти уюштурушат.

Мектептин администрациясы жана Айыл өкмөтү негизги милдет катары:

-Билим берүү мекемесинин материалдык базасын үзгүлтүксүз чыңдоону;

-Билим мекемесинин чарбалык иштерин өнүктүрүп аларда бюджеттен тышкаркы каражат фондуларын түзүүнү жана онүктүрүп туруунун;

-Билим адистигине ээ болгон адистерди эмгек оруңдары менен камсыздоону;

-Билим берүү кызматкерлерине-айрыкча социалдык жактан төмөнкү деңгээлде камсыз болгондорду,жетим,майыптарды социалдык жактан жардам берүү иштерин уюштурууну;

-Билим берүү мекемесинин башкаруучулук иштеринин туура жүргүзүлүшүн,иштерди пландаштыруу жана ал иштердин өз учурунда сапаттуу жүргүзүлүшүнө жана аткарылышына түздөн түз көзөмөлдүк кылуу менен кызматкерлердин чыгармачылык,кесиптик деңгээлдеринин өнүгүшүн, билим сапаттарынын талапка жооп берээрлик деңгээлде уюштурууну камсыз кылат;

- Кыргыз Республикасында кабыл алынган «Билим берүү» жана «Мугалимдердин статусу» жөнүндөгү Мыйзамдардын, Кыргыз Өкмөтү тарабынан кабыл алынган билим берүү жөнүндөгү Программалардын, Токтомдордун толук аткарылышын камсыз кылат;

-Кыргыз Республикасынын «Эмгек кодексиндеги» пункттардын аткарылышына милдеттенишет жана эмгек Кодексине ылайык ишкана,мекеме,уюм жоюлганда жумушчулардын саны же штаттары кыскарганда (статья 119 п.1)аларды башка иш менен,иш оруңдары менен камсыздайт;

-Кызматкерлерди алардын өзүлөрүнүн макулдугусуз эмгек акылары сакталбаган отпускаларга жиберүүгө жол бербейт;

## СОЦИАЛДЫК ЖАНА ЭКОНОМИКАЛЫК ЖАКТАН КОРГОО

Билим берүү кызматкерлеринин социалдык жана экономикалык маселелерин карап, тараптар милдеттуу түрдө төмөндөгүлөрдү аткарат:

- Эмгек кодексинин 157,167,174- статьяларына ылайык өз убагында айлык акыларды жана кошумча төлөмдүрдү төлөп берүүсүнө жетишүү жана көзөмөлдөө;

-Билим берүү кызматкерлеринин ар бир окуу жылына карата төлөм акыларын аныктоочулар бир айлык жыйынтык эсепти (тарификацияны) өз учурунда туура жана так аныктап жүргүзүү менен, ар бир кызматкерге ачык-айкындык негизде тааныштырып (эсеп кызматкерлери жана мектеп

жетекчилери аркылуу) ошонун негизинде төлөм акыларынын тууралыгын тактап туруу;

-Билим берүү кызматкерлеринин иштеринин сапатын, чыгармачылык жондөмдүүлүктөрүн эске алуу менен Министрлик тарабынан иштелип чыгылып бекитилген атайын Жобонун негизинде, мөөнөттөрү келгенде аттестациядан калыстык менен өткөрүп ошонун жыйынтыгы менен иш сапаттарына жараша төлөм акыларын белгилеп туруу жана бул иштерди өткөрүүнү мектептеги профсоюз уюмдарынын катышуусу менен жүргүзүү;

-Билим берүү кызматкерлерин социалдык жактан коргоо максатында, мектептеги алдыңкы, жаңылануу ыкмалары менен иштеген, райондук, областтык жана республикалык олимпиадалардын жеңүүчүлөрүн даярдаган, райондук, областтык, республикалык кароо-сынактарда байгелүү орундарды ээлеген билим берүү кызматкерлеринин, мектеп окучууларынын иштеринин жыйынтыгын туура баалоо жана сыйлоо максатында каражат бөлүп, түздөн-түз колдоо көрсөтүү;

-Билим берүү мекемелеринде эмгектенген социалдык жактан начар камсыз болгон, көп балалуу, жалгыз бой, оорулуу кызматкерлерге каражаттык, материалдык жактан колдоо көрсөтүү;

-Мектепте окуп билим алган тоголок, жарым жартылай жетим окуучуларга жана социалдык жактан аз камсыз болгон, көп балалуу үй-бүлөлөрдүн балдарына кийим-кечек, тамак-аш жана акчалай жардамдарды көргөзүү менен ар жыл сайын ошол катмардагы окуучулардын өтө муктаждарын балдардын эс алуу жайларына Айыл өкмөтүнүн каражат бөлүштүрүлүп акысыз жолдомолор менен камсыз кылып берүү;

-Билим берүү мекемесинде эмгектенген кызматкерлердин айлык акыларынан кызматкерлердин макулдуктарынын негизинде 1%тик өлчөмдөгү профсоюздук бюджетти камсыздоочу каражаттарды райондук профсоюз комитетинин эсеп счетуна ай сайын тактап, которуп берүүнү камсыздоо;

-Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 329, 330, 331 статьяларынын негизинде кесиптик кайра даярдоо курстарынан өтүп жаткан кызматкерлерге шарт түзүү жана аларга командировкалык чыгымдарын төлөп берүү;

-Мугалимдердин статусу жөнүндөгү мыйзамдын 11- статьясынын негизинде иштеп жаткан кызматкерлерге жер үлүштөрүн жана турак – жай үйлөрүн курууга участок бөлүп берүү;

- Мугалимдердин статусу жөнүндөгү мыйзамдын 6- статьясынын 3-пунктунун негизинде мугалимдерди, алардын кесиптик ишине байланышпаган айыл–чарба жана башка жумуштарга тартууга алардын өздөрүнүн макулдугусуз жол бербөө;

- Мектептердин материалдык – техникалык базасын чыңдоо үчүн айыл өкмтүнүн кайра бөлүштүрүү фондусунун жерлеринен мектептерге жер участкаларын бөлүп берүү жана аны иштетүүгө колдоо көрсөтүү;

## ЭМГЕКТИ КОРГОО, ТЕХНИКАЛЫК КООПСУЗДУК ЭРЕЖЕЛЕРИН САКТОО

-Билим берүү мекемесинде эмгекти коргоо, эмгектин коопсуздук шартын түзүү үчүн үзгүлтүксүз көзөмөл жүргүзүү;

-Кыргыз Республикасынын 01.08. 2003 ж. кабыл алынган Эмгекти коргоо боюнча мыйзамына жана токтомдоруна ылайык билим берүү мекмемелеринде эмгекти коргоону уюштуруу;

-Мектепте бөөдө кырсыктарды болтурбоого жетишүү. Эгер бөөдө кырсык болуп калган учурда квалификациялык комиссиянын текшерүүсүнүн негизинде кырсыкка дуушар болгон жумушчуга Эмгек кодексинин 231-статьясына ылайык төлөнүүчү пособияны төлөп берүү;

-«Айыл өкмөтү – мектеп жетекчилиги профсоюз комитети» ортосунда коопсуздук эрежелеринин сакталышы камсыз кылуу боюнча жыл сайын атайын макулдашуу түзүлүп, ал макулдашууда көрсөтүлгөн иш чаралардын аткарылышын камсыз кылууга айыл өкмөтү тарабынан атайын каражат бөлүү;

-Мектептин жаңы окуу жылына толук даярдалышын үч тараптын катышуусу менен түзүлгөн комиссия аркылуу эмгекти коргоо мыйзамынын чегинде баардык копсуздук эрежелеринин сакталышы менен гана кабыл алат.

## 3. МЕКТЕПТИН БАШТАПКЫ ПРОФСОЮЗ УЮМУНУН АТКАРУУЧУ ИШТЕРИ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

1. Кыргыз Республикасынын «Билим берүү», «Мугалимдердин статусу», «Эмгекти коргоо», «Эмгек кодекси», «Профсоюздар жөнүндөгү» мыйзамдарынын жана ушуларга байланыштуу болгон баарык КР Өкмөтүнүн жобо, токтомдорунун билим берүү мекемесинде аткарылышына көзөмөлдүк кылат.

2.Мыйзам чегинде билим берүү кызматкерлеринин эмгектик маяна акыларынын, пенсия, пособия жана башка кошумча акы төлөмдөрүнүн туура жана өз учурунда төлөнүп турууларында көзөмөлдүк кылат жана бул шарттар аткарылбаганда тиешелүү органдарга, өкмоткө чейин кайрылуу укугун колдонот.

3.Мектептин билим берүү кызматкерлеринин инсандык,укуктук кызыкчылыктарын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын чегинде коргоого активдүү катышат жана милдеттенет.

4. Билим берүү тармагында эмгектенген кызматкерлерди профсоюз комитетинин макулдугу жок негизсиз кызматтан бошотулушуна жол бербөө үчүн аракеттерди көрөт.

5. Билим берүү тармагындагы кызматкерлерге тиешелүү болгон баардык жеңилдиктердин, шарттарына жараша кошумча төлөмдөрдүн толугу менен төлөнүп,аткарылып туруусуна көзөмөлдүк кылат.

6.Мектепте эмгектенген профсоюз мүчөлөрүнө алардын мыйзамдык, укуктук,социалдык кызыкчылыктары боюнча кеңеш,консултациялык сунуштарын берүү менен дайыма колдоо көрсөтөт.

7.Мугалимдердин денсоолуктарын чыңдоо боюнча кам көрөт жана муктаждыктарына байланыштуу келип түшкөн жолдомолор боюнча эс алуу жайларына, курорт, санаторияларга жөнөтүп турат.

8. Мектепте маданий – массалык иштерди уюштурууну колго алат, спорттук мелдештерге демөөрчүлүк кылып, активдүү катышат.

9.Мектепте өткөрүлүүчү баардык кароо-сынактарды, конкурстарды, мелдештерди уюштурууга активдүү катышат жана мумкүнчүлүктөрүн болушунча каражаттык жардам көрсөтөт.

## 4.Келишимдин аткарылышына көзөмөлдүк жана анын иштөө мөөнөтү,жоопкерчилик

1.Келишимди кабыл алган тараптар.келишимди билим берүү кызматкерлеринин укуктук ,эмгектик,социалдык кызыкчылыктарын коргоо ,мектептин материалдык базасын чыңдоо жана билим сапатын өркүндөтүү максатына түзүлгөн негизги юридикалык документ катары тааныйт,жетекчиликке алат жана ишке ашыруу үчүн баардык күч аракеттерин жумшайт.

2. Келишимди кабыл алган жактардын ар бири өз милдеттеринин чегинде келишимдин аткарылышындагы жогорку жоопкерчиликти сезүү менен кездешкен кыйынчылыктарды социалдык партнёрдук принципте.бирдикте чечүүгө аракеттенишмекчи.

3.Кабыл алынган келишимдин негизинде жекече,коллективдүү эмгектик талаш-тартыштарды чечүүдө сүйлөшүүлөрдүн чегинде аракеттенишет жана талаш-тартыштарды болтурбоо учун мыйзам чегиндеги аракеттерди көрүшөт.

4.Келишим мектептин администрациясынын,баштапкы профсоюз уюмунун жана айыл өкмөтүнүн биргелешкен кеңешмесинде талкууланып андан кийин кабыл алынат.

5.Үч тараптуу келишимдин турмушка ашырылышы жөнүндө бир жылда бир жолу мектеп жамаатынын алдында отчёт берилет.

6.Келишимде каралган милдеттенмелердми бир тарап негизсиз аткарбаса Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин,тиешелуу мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик чаралары көрүлөт.

7.Келишимге айрым өзгөртүүлөрлдү киргизүү жөнүндөгү сунуну штарынын негизинде үч тараптын тең макулдугу менен тиешелүү жерлерине алымча кошумча өзгөртүүлөр киргизилиши мүмкүн.

8.Келишим кол коюлуп ,бекитилген кундөн баштап күчүнө кирет.

9.Келишим 3 нускада түзүлдү жана үчөөтөн бирдей юридикалык күчкө ээ.

10.Келишим айылдык кеңеште катталууга тийиш.

____________ айыл өкмөтүнүн башчысы: ____________

____________ атындагы орто мектебинин директору: ____________

____________ атындагы орто мектебинин профкому: ____________

____________ айылдык кенешинде 2021-жылдын « ____» ____________ катталды

Айылдык кеңештин төрагасы ____________